УДК: 2-335+82:1+1(091)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-434-439

**Мурзакметов Т.Т.**
окутуучу
Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети
**Мурзакметов Т.Т.**
преподаватель
Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова
**Myrzakmetov T.T.**
Lecturer
Jalal-Abad State University named after B. Osmonov

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ЭПИСТЕМОЛОГИЯСЫ

# ЭПИСТЕМОЛОГИЯ ЮСУФА БАЛАСАГУНИ

# EPISTEMOLOGY OF YUSUF BALASAGUNI

**Аннотация:** Жусуп Баласагын орто кылымдагы белгилүү ойчул, Чыгыш Перипатетикасынын көрүнүктүү өкүлү. Ал өзүнүн доорунун белгилүү инсаны гана болбостон философиялык көз караштары менен таанылган даанышман акын. Анын “Куттуу билим” дастаны онтологиялык, гносеологиялык, аксиологиялык, этикалык-эстетикалык жана мамлекетти башкаруу маселелерин чагылдырган философиялык чыгарма. Макалада акындын эпистемологиясынын алкагында таанып билүү, билим-илим, акыл-эс маселелери талдоого алынды. Ошондой эле түшүнүү менен түшүндүрүү, тил жана анын ой жүгүртүүнүн өсүшүндөгү ролу чагылдыруу тапты. Изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый-салыштырма, анализ жана синтез, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү сыяктуу ыкмалар колдонулду.

**Негизги сөздөр:** ойчул, философия, гносеология, эпистемология, таанып билүү, билим, илим, акыл, тил, ой жүгүртүү, дүйнөтааным.

**Аннотация:** Юсуф Баласагуни – известный сренeвековой мыслитель, выдающийся представитель Восточной Перипатетики. Его “Кутадгу билиг” является философским сочинением, в котором отражаются онтологические, гносеологические, аксиологические, этико-эстетические взгляды и вопросы управления государством. В данной статье проанализированы вопросы познания, знания, науки, разума и др. в контесте эпистемологии Юсуф Баласагуни. А также нашли отражение смысл и содержание таких понятий, как объяснение и понимание, язык и его роль в развития мышления.

**Ключевые слова:** мыслитель, философия, гносеология, эпистемология, познание, знание, наука, разум, язык, мышление, мировоззрение.

**Annotation:** Yusuf Balasaguni is a famous medieval thinker, an outstanding representative of Eastern Peripatetics. He was not only a great personality of his tribe, but also a philosopher. His “Kutadgu bilig” is a philosophical essay that reflects ontological, epistemological, axiological, ethical and aesthetic views and issues of state administration. This article analyzes the issues of cognition, knowledge, science, reason, etc. in the epistemology contest. And also reflected the meaning

and content of concepts such as explanation and understanding, language and its role in the development of thinking.

**Keywords:** thinker, philosophy, epistemology, epistemology, cognition, knowledge, science, reason, language, thinking, worldview.

Жусуп Баласагын орто кылымдагы философиянын өнүгүүсүндө таанып билүү, чектери, мүмкүнчүлүктөрү жөнүндөгү маселеге карата өзүнүн философиялык көз карашын билдирген ойчул. Философия пайда болгондон бери ой жүгүртүүнүн казанында кайнаган эмне таанылат, кантип таанылат, тааныса кайсы жерге чейин таанылат, анын чеги канчалык деген сыяктуу суроолор болуп келгендиги талашсыз. Бул Жусуп Баласагынды да түйшөлткөн, табышмактуу сырдуу дүйнөнүн ачкычын ачууга кызыккан, ойлонгон жана пикирин айткан. Аны орто кылымдагы ислам дининин таасири астында гана эмес, рационалдык ойломдун деңгээлинде да чечмелөөгө жетишкен.

Жалпы дүйнөлүк масштабда алып караганда орто кылым философиясы динге жакындаган Кудайтаанууну башкы орунга койгон эпистемологияны жараткан. Араб-ислам философиясы өзүнүн калыптануу мезгилинде логика, табигый илимдер, математика, медицина менен тыгыз байланышта болот. Араб-аристотелдик философия Ыйык Курандын мазмунуна дал келе бербесе да көптөгөн философтордун окуулары диний доктриналарга негизделген. Чыгыш Перипатетикасынын өкүлдөрү Аль Кинди, Аль Фараби, Ибн Сина, Ибн Баджа, Ибн Туфайль, Ибн Рушд  орто кылымдагы чыгыш ой жүгүртүүсүн алда канча айтаарлык орунга жылдырды жана оригиналдуу көз караштары аркылуу тааным теориясын өнүктүрүштү. Аль Кинди философияны табигый илимдер менен тыгыз байланышта карап, алгачкылардан болуп чындыктын эки жактуулугу жөнүндөгү концепциянын маңызына ылайык философия менен кудай таанууну айырмалоону баштайт.

Чыгыш философтору “Билим деген эмне?” деген суроонун үстүндө ой жүгүртүп, дүйнөнү рационалдуу түшүнүү деп билишкен. Аль Фараби билим тууралуу мындай дейт: “Билим” деген сөз көп нерсеге карата колдонулат, бирок, теориялык бөлүктүн жакшылыгы болгон билим, реалдуу объектилердин бар экендиги жөнүндө рухта алынган ишенимдүү билим болуп саналат, алардын бар болушу адамдын чыгармачылыгынан толук көз каранды эмес, бул алардын ар бири эмне экендигин билүү жана биринчи, чыныгы, зарыл жана жалпы (алгылыктуу) далилдердин негизинде табиятынан акылга белгилүү жана ишенимдүү болуп чыкканын билүү. Бул билим эки түрдүү болот: 1) бир нерсенин бар экендиги, анын бар болуу себеби жана анын да, себеби эч кандай башкача түрдө боло албайт деген белгилүү бир билим. 2) Анын бар экендигин жана анын бар болуу себебин түшүнбөй туруп боло албастыгын ишенимдүү билүү” [1, 32-б.] Аль Фарабинин пикиринде чыныгы билим ар дайым ишенимдүү, чын болгон билим, ал белгилүү бир убакытта бар болуп кайра жок болуп кете турган нерсе эмес.

Жусуп Баласагындын дүйнөтаанымында билим философиялык түшүнүк жана адам жашоосунун реалдуулугу катары чоң маани берүү менен ачып берүүгө жетишкен. Чыгармадагы башкы каармандын бири – Акдилмиш акыл менен билимдин, илимдин символу болушу бекеринен эмес. Ислам дүйнөтаанымынын кеңири таралып жатканына карабастан акыл, илим, билим түшүнүктөрү философиялык өнүттө маани-маңызы ачылат. Чыгарманын аталышы да билим менен байланыштуу болуп жатканы жөн жеринен эмес. Ойчул билимди эң жогору коюп, аны адам руханийлигинин камтылышы, баалуулугу катары көрөт.

Жусуп акыл менен билими бөлүп карайт, алар бири биринен айырмаланат. Акыл – адамдагы табигийлик, ал төрөлгөндө кошо берилген “энчи”. Билим окуу аркылуу алынат: “Энеден көзүн ачып төрөлгөн жан, Бир гана окуу менен баарын алган” [2, 159-б.]. Акыл менен билим адамдыкты көрсөткөн өзгөчөлүк. “Адамзат бир акылдан башкаларды, Үйрөнүп окуу менен билип алды” [2, 160-б]). Окуу жана билим дүйнөнү таануунун, адамдын инсандыгынын калыптануусунун негизи. Эгерде өкүмдар билимдүү болсо, анда ал башкарган мамлекет гүлдөп өнүгөт, коопсуз, бейпил мамлекетке өсүп жетилет, анда жашаган адамдар билимдүү, эмгекчил, адилет инсандар болот. Адилеттик башкы баалуулук катары болгон, эли окууга умтулган, акылга бай болгон өлкөдө кут-дөөлөт орнойт; ал мамлекетте бактылуу адамдар жашайт. Мында өкүмдар менен анын өлкөсүндө жашаган адамдар ортосундагы карым-катнашта өз ара түшүнүүчүлүк өнүгүүнүн башаты катары таанылат. Акын айтат: “Беги болсо адилет – эл бактылуу, Эл бактысы – бек үчүн кубаныч бу” [2, 166-б.].

Билим – бул бакыт, канчалык ага ээ болсо, ошончолук анын бактысы артат. Билимди адам кайдан алат деген гносеологиялык суроону коюп, жооп издейт. Натыйжада таанып билүүнүн булагы катары сезимдер жана абстрактуу ой жүгүртүү таныллат. “Окуганда, жакшы ойлор болсо жөлөк, Зээни болсо – үйрөнөт, окуйт – билет” [2, 166-б.]. Окуу, билим аркылуу адамдын акылы өсөт, акыл “күч алат, тазаланат”. Адам болмушунда билим адамдагы адамдыктын калыптанышына, дүйнөнү таанууга, жашоосун уюштурууга, бакытка, дөөлөткө жетүүгө негиз болот. Аны билимсиздик менен салыштырып, билим – жарыктык, билимсиздик – караңгылык деп билет.

Жусуп Баласагын билим менен илимди бири бирин толуктап турган диалектикалык байланыштагы биримдик катары баалайт; билим адамдын өздүгүн, өзгөчөлүгүн көрсөтсө, илим максатына жетүүнү шарттайт. Ал тууралуу минтип жазат:

Окуу – билим, акылдуу – акыл курап,
Билимдүү ойдогусун кабыл кылат.
Билимдин маанисин бил, айтканын ук,
Акыл ал, ар балээден кутулуп чык.
Билим менен эмгек ишти бүткөрөт
Илим бекти муратына жеткирет [2, 59-б.].

Укмуштардын укмушу – билим менен ой; окуу, үйрөнүү адамдын ишмердигинин башкы көрүнүшү, билим менен адамдын жекелиги, мендиги калыптанат. Окуу аркылуу адам дүйнөнү таанйит, жашырынган сырларды ачат, өзүнө байлык топтогонго барабар болот. Билимде адамын акылы токтолот, акылдуу адамдар “асыл жандар” катары болот. Билим казынага окшогон байлык, бирок аны эч ким оңой эле ала албайт. Ал адамдын өзүндө, менинде, жекелигинде. Акын минтип насаатын айтат: “билим – жан кыйышпас дос, илим – кесиптешин, кошунаң”.

Билим – окуу аркылуу объективдүү реалдуулукту билүү, таануу; ал узак убакытка созулат да, жаман-жакшыны, ак-караны ажыратууга жардам берет. Акын: “Татаал жолду баспасаң келбейт үзүр” [2, 336-б.] – дейт. Акыл-ойдун өсүшүнө, адамдын тажрыйбасынын топтолушуна чоң таасирин тийгизет. Адам жашоосун азыр, мында жана келекчекте уюштурууга түздөн түз таасири бар. “Уул кызың билимди алса – терең, Кор болушпай, көңүлдүү жашайт деген!” [2, 131-б.] Билим менен илимдин тармактарын үйрөнүү үчүн атайын тааным процесси багытталат.

Билим алууда сөз чеберчилигине өзгөчө маани берүү зарыл. Тил адамдын карым-катнашынын негизги куралы. Ал аркылуу ой туюнтулат. Мында “сөз” жана “ой” түшүнүктөрүнө маани берүү туура болчудай. Анткени сөз, ой, ойлом тааным теориясындагы негизги категориялар. Сөз – адамдын оюн, пикирин, көз карашын билдирүүнүн формасы. Ойдогу, акылдагы айтылчу пикир сөз аркылуу берилет жана түрдүү кызматты аткарат. Буюм-нерсе, кубулуш-маңыз, бар-жок, өйдө-төмөн, жакшылык-жамандык, кооз-сулуу, адеп-ахлак ойдо туюнтулуп, сөздө айтылат. Кыргызда “жакшыны жакшы десе жакшы болот” дегендей Жусуп акындар тууралуу: “Алардын акыл-ою деңиз сымал, Сөз бермети, гаухары өнүп чыгар” [2, 337-б.] – деп акылдын, ролун, ойдун тереңдигин, сөздүн кооздугун көрсөтөт.

Илим – адам ишмердигинин негизинде ээ болгон билимдер тутуму. Илимдүү адамдарга кандай мамиле кылуу керектиги жөнүндөгү бөлүмдө илимдүү адамдар – даанышмандар катары, андай адамдардан таалим алууну, кадырлап сыйлоону айтат. Себеби алар акыйкат издеген жана коомдун, адам жашоосунун өнүгүүсүнө жол көрсөткөн аалымдар. Илимди илим эместен, чындыкты жалгандан айырмалоо таанып билүүнү процессинин негизи. Ошондуктан илим социомаданий феномен катары таанылып, изилдөөгө алынып келгени тууралуу Ж. Бокошов минтип жазат: “Наука, или научная рациональность (в данном контексте это одно и то же) как социокультурный феномен, имеющий определенную плотность, размерность, является открытой системой по отношению к своему окружению, к своей “среде”. Такое отношение носит крайне сложный, многослойный разнообразный характер, где не всегда легко различить научное и ненаучное, внутреннее и внешнее, когнитивное и ценностное и т.д. Крайне неоднозначным является и взаимоотношение архетипа и рациональности” [3, 125-б.].

Жусуп илимий таанымдын өзгөчөлүгүн жана маани-маңызын аңдап биле алган ойчул. Өкүмдар менен Акдилмиштин маеги – бул таанып билүүдөгү түшүнүү жана түшүндүрүү деп билүүгө болот. Муну биз эч бир тайсалдабай эле айтууга акыбыз бар. Эпистемологиянын негизги категориясы болгон “түшүнүү” жана “түшүндүрүүнүн” айдан ачык далили ушул экөөнүн суроо-жообу. Чыгармадагы башкы каарман – Күнтууду элик өзүнүн кол алдында кызмат кылган, акылдын камтылышы катары болгон Акдилмишке ар дайым суроо берип, анын оюн билип турат. Жусуп “суроо оңой, жооп таабуу кыйын” – дейт. Суроо берген эликке – оңой, ал эми жооп табуу керек болгон мага кыйын деп Акдилмиш ойлонот. Түшүнүү ой жүгүртүүгө түрткү берет жана ал жаңы түшүнүктү пайда кылат. Түшүнүктөр аркылуу ойлонот, изденет, жаңы бир ой корутунду жаралат. Бул Жусуптун логикалык деңгээлдеги таанып билүүнү чагылдыра алгандыгы. Анын пикиринде ой, ойлом түшүндүрүүдө жана түшүнүүдөгү негизги каетгориялар. Түшүндүрүү чоң искусство жана билимдин деңгээлин аныктаган ченем десе болот. Анткени акыл-эстин тунук, билимдин жогору, илимий билимдин болушу – түшүндүрүү чеберчилигине чон түрткү. Булардын реалдуулугу түшүнбөгөндү түшүндүрүүгө, чечилбеген сырды чечүүгө, “оңду-солду, алдын-артын таамай көрүүгө” негиз. Түшүндүрүү үчүн терең билим, тунук акыл талап кылынат; бул рационалдуу таанып билүүнүн жогорку формасы.

Түшүнүү – бул мазмун менен форманы, маңыз менен кубулушту, зарылдык менен кокустукту аңдап билүү, баамдап-байкоо. Бул таанып билүү процессинин бир формасы катары ойдун жаралышынын, жаңы пикирдин келип чыгышынын негизи. Мында табияттын сыры, коомдук турмуштун реалдуулугу, адам жашоосунун мыйзам-ченемдүүлүктөрү таанылат, аңдап билинет.

Акын таанып билүүдө сөздүн маанисине өтө чоң басым жасайт. Анткени, сөз искусствосу, кеп маданияты адамдын таанып билүүсүнө белгилүү бир деңгээлде таасирин

тийгизет, ойду өстүрөт. Орду менен сүйлөнгөн сөз адамга жакшы маанай жаратат жана логикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Сүйлөгөн сөзү менен адамдын акылы, билими, интеллектиси бааланат, сөз акыл-эсти өстүрөт. Кезегинде аль Фараби тил жана логика искусствосу жөнүндө айтып ойду өстүрө тургандыгын айтса, Жусуп да тил менен билимдин карым-катнашын ырастайт. Бул Чыгыш Перипатетикасынын талдаган маселелеринде тил философиялык анализга алынгандыгынын далили.

Чыгыш Перипатетикасынын учугун улай Жусуп рационалдык суроолорду коет: “Акыл кайдан башталып, кайдан чыгат, акыл качан жетилет, кайда барып токтойт?”, “Акылдын милдети кайсы?” ж.б. коюлган суроолорго ал өзү жооп издеп табууга аракет жасайт. Анын пикиринде “адам акылы мээде болот”, аны “кудай колдойт”, ал окуу аркылуу “өнүгөт, өсөт, тазаланат”. Ал адамдагы башка сапаттарга караганда жогору турат, анткени ал жакшылыкты жаратат, айбандардан айырмалаган баалуулук. Жусуп Күнтууду элик менен Акдилмиштин ангеме-маеги аркылуу акылдын ролун кеңири ачып берүүгө жетишет. Ал суроолорду коет: “Акыл түшүнүгүнүн мааниси, негизи эмнеде, анын маңызы, баа-наркы кандай?” – деп философиялык ой жүгүртөт. Акыл – туюп-сезүүлөрдүн негизи, кишиликтин калыптануусунун башаты. Акыл аркылуу дүйнө таанылат, чындыкка жетет;

Андан ары акын “акылдуу” түшүнүгүн талдайт. Анын пикиринде акылдуу – адилеттиктин жана байлыктын ээси. Жашына карбастан акылдуу адам барктуу жана сыйга татыктуу. Акылдуу жоомарт, ак дилдүү, токтоо, эл менен мамиле түзүүнүн жолдорун билет, баштаган иши убагында бүтөт, сүйлөгөн сөзү орундуу, кыйынчылыкта жол таба алат, түшүнбөгөн адамды түшүндүрөт, “оң-сол, алды-арты дегенди таамай көрөт”. Акын айтат: “Акыл – чырак түндөсү сокурга көз, Денеге – жан, үндөбөс дудукка – сөз!” [2, 171-б.]. Акылдуу адам тынымсыз билим алып, ойлонуп, койгон максатына жетүүнү көздөйт. Ар кандай ишти баштаардын алдын ойлонот, натыйжасын кандай болоорун болжойт. Акыл – бул жакшылык, изгилик, сонундук. Жусуп айтат: “Акылмандар – карын эмес ой багар, Билим менен акыл табар, ой табар” [2, 115-б.]. Демек, акыл ой жүгүртүүнү жаратат, өстүрөт, жаңы ой корутундуну пайда кылат.

Акын традицияга айланып калган философиядагы негизги маселе – “Чындыгында дүйнөнү таанып биле алабызбы?” деген суроо коет. Бул эпистемологиялык суроонун өзүнүн дүйнөтаанымынын чегинде чечмелейт. Таанып билүү процессинин талдоодо Жусуп Баласагын акылдын ролун жогору коет, ал жакшы-жаманды, туура-жалганды, кубаныч-кайгыны, оң-солду, ойдө-төмөндү таануунун негизи.

Таанып билүү – бул окуу, билим жана илим; алган билим менен жетишкен илимдин чындыгын үйрөнүү. Башкача айтканда таанып билүү – объективдүү реалдуулукту үйрөнүү, аны билимдер аркылуу чагылдыруу. Кезегинде Жусуп “Чындык деген эмне?” – деп суроо коет. Күнтууду эликтин – адилет, өкүмдар; Айтолду – дөөлөт, вазир; Акдилмиш – акыл, уазирдин уулу; Өткүрмүш – каниет, вазирдин иниси – чындыктын чагылдырылышы. Адилет башкаруу, дөөлөттүү мамлекет, акылдуу, илим-билимдүү инсан, барга каниет кылган такыба адам – социалдык реалдуулуктун таанылышы. Аны ой, акыл-эс аркылуу таануу, анын маани-маңызын түшүнүү – чындык. Жусуп социалдык болмуштун ушундайча сүрөттөп, түшүндүрдү, аныктык, барлык катары көрсөттү.

Каниет, дөөлөт, бакыт – абстрактуу чындык; карама-каршы дихотомияларда мазмуну жана реалдуулугу таанылат. Акыл-эс, ой, эс-тутум, билим – адам реалдуулугунун далили. Ага баардыгы умтулат, жетүүнү, калыптандырууну, өнүктүрүүнү көздөйт. Бул тынымсыз таанууга болгон аракетти, ишмердикти шарттайт жана ойдун, ой жүгүртүүнүн реалдуулукка дал келиши катары болот.

Демек, философия жаралганы ой жүгүртүүнүн предмети болгон гносеологиялык маселеде Жусуп Баласагын орто кылым философиясындагы рационализмдин өкүлү катары таанып билүү, анын чектери, мүмкүнчүлүктөрү жөнүндөгү маселелерди философиялык рефлесияда талдап, өзүнүн оригиналдуу көз карашын тартуулады. Билим философиялык түшүнүк, анын жаралуу, өнүгүү, өзгөрүү диалектикасы бар; социомаданий феномен катары адам турмушунда, коомдук болмушта маани-мазмунга, тутум-түзүлүшкө ээ болгон баалуулук. Философиялык категория катары акыл менен билим айырмаланат: акыл – адамдагы табигийлик, тубаса касиеттерге ээ болгон таандык кылынган өзгөчөлүк. Акыл, акылдуулук, акылман адам түшүнүктөрү Г.С.Токоеванын изилдөөсүндө да талдоого алынат. Акылман тууралуу минтип жазат: "... акылман адам – кадыр-баркы артык, элге таанылган ,акылга бай, айкөл, даанышман ,акылына баатырдыгы айкалышкан, бар-жокко каниет кылган инсан" [4, 140-б.]. Ал эми билим – окуу процесси, окутуу менен тыгыз байланышта болгон, дүйнөнү таануунун, адамдын калыптануусунун негизи, инсандын ишмердигинин натыйжасы.

Билим – бул дөөлөт, бакыт жана байлык; канчалык жогорку билимге ээ болгон сайын коодо идеалдуу түзүлүш, киши жашоосунда бактылуу күндөр көп болот. Гносеологиялык жактан алганда пайда болот, өнүгөт, өсөт; ал кыймылда, диалектикалык өнүгүүдө турган кубулуш. Билим алуу – ишмердик; ал адамдыктын калыптанышына, дүйнөнү өзгөртүүгө, бакытка, дөөлөткө жетүүгө түрткү берген чыгармачыл аракет. Билим-билимсиздик, жакшылык-жамандык, жарыктык-караңгылык дихотомиялары таанып билүүгө түрткөн мүмкүндүк жана чындык. Илим – адам ишмердигинин негизинде ээ болгон билимдердин саны, көлөмү, өлчөмү; таанып билүүнүн жогорку баскычы. Мында чындыктын акыйкат экендиги билинет, аныкты жалгандан, илимийликти эмпирикалыктан айырмалоо, ырастоо процесси жүрөт.

Акыл-эс адамдын таанып билүү, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнүн жогорку баскычы; ой, ойломду жараткан, абстракциялоо менен ойлонууга мүмкүндүк берген жөндөмдүүлүк. Тил аң сезимдин, акыл-эстин өсүп өнүгүүсүнүн негизи. Эгерде акыл ченеми жок катары улам жаңыны таанууга багытталса, тил акылдын өнүгүшүнө, ойдун чагылдырылышына түздөн-түз катышат. Ойдун логикалык жактан ыраттуулукка келишине, жаңы ой корутундунун жаралышына жол ачат. Ошондуктан, тил – социомаданий карым-катнаштын куралы, адамдын инсан катары калыптануусунун жолу. Тил аркылуу адамдын кимдиги, кандайлыгы, сүйлөө чеберчилиги талданат, социалдык болмуштагы адамдардын карым-катнашынын өсүп өнүгүүсүндө имманеттүүлүк жана трасценденттүүлүк далилденет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Аль Фараби Социально-этические трактаты [Текст] /Аль Фараби. – Алма-Ата, 1973. – 400 с.

2. Баласагын, Ж. Куттуу билим: Дастан [Текст] Ж.Баласагын // Байыркы түрк тилинен которгон Т.Козубеков. – М.: НИК,1993. – 494 б.

3. Бокошов, Ж.Б. Истоки и горизонты познания (Концепция предпосылочного знания) [Текст] /Б.Б.Бокошов. – Жалал-Абад, ЖАГУ, 2001. – 274 с.

4. Токоева, Г.С. Кыргыз философиясындагы адам болмушу [Текст] / Г.С.Токоева. – Б.: "Maxprint" басмасы, 2015. – 244 б.

**Рецензент: филос. илим. док., проф. Токоева Г.С.**